# «Китеп ээлери Тауратты иврит тилинде окуп, аны араб тилинде Ислам элине түшүндүрүп беришчү. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Китеп ээлерине ишенбегиле жана аларды жалганга чыгарбагыла. «Биз Аллахка жана бизге түшүрүлгөнгө ишенебиз» - деп айткыла». (Бакара, 136).*@

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылат: «Китеп ээлери Тауратты иврит тилинде окуп, аны араб тилинде Ислам элине түшүндүрүп беришчү. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Китеп ээлерине ишенбегиле жана аларды жалганга чыгарбагыла. «Биз Аллахка жана бизге түшүрүлгөнгө ишенебиз» - деп айткыла». (Бакара, 136).
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үммөтүн Китеп ээлери риваят кылган нерселерге алданып калуудан эскертти. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, убагында яхудийлер Тооратты иврит тилинде окушчу. Бул эврейлердин тили. Анан алар аны арабча чечмелеп беришчү. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Китеп ээлерине ишенбегиле жана жалганга чыгарбагыла». Бул анын жалганы жана акыйкаттуулугу билинбеген марселелерде болот. Себеби Аллах Таала бизге Куранга жана аларга түшүрүлгөн Китептерге ыйман келтирүүнү буйруган. Эгерде биздин шариятыбызда алар айткан маселелердин чындыгын же жалгандыгын түшүндүрө турган эч нерсе жок болсо, анда алар айтып жаткан нерселердин туура же жалган экенин билүү үчүн бизге эч кандай жол жок. Андыктан биз алар бурмалаган нерселерде аларга шерик болуп калбашыбыз үчүн аларга ишенбейбиз жана токтоп турабыз. Балким чын болуп, ыйман келтирүүгө буйрулган нерселерден баш тарткан болуп калбашыбыз үчүн аларды жалганга чыгарбайбыз. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бизге мындай деп айтууга буйруду: «Биз Аллахка, бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Якубка жана асбаттарга түшүрүлгөнгө, Муса менен Исага берилгенге жана пайгамбарларга Раббиси тарабынан берилгенге ишенебиз. Алардын ортосун айырмалабайбыз. Биз Ага моюн сунган мусулмандарданбыз». (Бакара, 136)